УДК 81’244:61 DOI: 10.36979/1694-500X-2021-21-6-128-131

# РОЛЬ ГОСУДАРСТВЕННОГО ЯЗЫКА В МЕДИЦИНЕ

*С.К. Наралиева*

Объектом исследования данной статьи являются медицинские понятия и термины на государственном языке. Работа посвящена вопросам формирования и современного состояния кыргызской медицинской терминологии. Также в данной работе рассмотрены медицинские термины, названия некоторых лекарственных растений, хирургических инструментов и другие, встречающиеся в эпосе “Манас”. Предложены пути разрешения проблем, возникающих при переводе медицинских терминов. Доказывается необходимость создания специальных терминологических групп по медицине.

*Ключевые слова:* народная медицина; медицинские термины; лекарственные растения; народное лечение.

# МЕДИЦИНАДАГЫ МАМЛЕКЕТТИК ТИЛДИН ОРДУ

*С.К. Наралиева*

Макаланын изилдөө объектиси мамлекеттик тилдеги медициналык түшүнүктөр жана атоолор болуп эсептелет. Бул эмгек кыргыз медициналык терминологиясын түзүү жана анын азыркы абалы боюнча маселеге арналган. Ошондой эле эмгекте «Манас» эпосунда кездешкен медициналык терминдер, айрым дары чөптөрдүн аталышы, хирургиялык терминдер жана башка сөздөр каралган. Медициналык терминдерди которууда келип чыккан маселелерди чечүү жолдору сунушталган. Медицина боюнча атайын терминологиялык топторду түзүүнүн зарылдыгы көрсөтүлгөн.

*Түйүндүү сөздөр:* элдик медицина; медициналык атоолор; дары чөптөр; элдик дарылоо.

# THE ROLE OF THE STATE LANGUAGE IN MEDICINE

*S.K. Naralieva*

The object of the research is medical concepts and medical terms in the State language. The work is devoted to the formation and modern state of Kyrgyz medical terminology. The article regards medical term, the names of some medical herbs, surgical instruments and others found in the epic “Manas”. There are offered ways of solving problems arising during translation of medical terms. The need to create special terminological groups in medicine is proved.

*Keywords:* folk medicine; medical terms; medical herbs; folk treatment.

Кыргыз тили – мамлекеттик тил, Кыргыз Республикасынын, мамлекетинин атын тастыктаган, затын аныктаган тил. «Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тили жөнүндө» Мыйзам 2004-жылдын 12-февралында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин мыйзам чыгаруу жыйыны тарабынан жаңыланып кабыл алынган. Эне тилибиздин Кыргыз Республикасында мамлекеттик тил болуп кабыл алынышы нукура улуу иш.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили – бардык мекеме-ишканаларда, уюмдарда, билим берүүдө, массалык маалымат каражаттарында, саламаттыкты сактоо, тейлөө ишканаларында колдонулууга тийиш.

Кыргыз тилинин 3 кереметi бар:

1. Байыркылыгы – түрк тилдеринин ичинен (араб, монгол, фарсы тили ж. б.) баюу жолун алып караганда, кыргыз тилинде төл сөздөр 78,8 % түзөт. Лингвистиканын мыйзамы боюнча

кайсы тилде кыска сөздөр аз болсо, ошол байыркы болуп эсептелет. Демек, кыргыз тили – байыркы тилдердин бири.

2. Байлыгы – «Манас» дүйнө жүзүндөгү эң чоң поэма катары 500 553 саптан туруп, муундан-муунга оозеки айтылып келет. Кытайдагы Жусуп Мамайдын «Манасында» найзанын эле 31 түрү айтылса, Саякбай Каралаевдин вариантында жылкыны 800 сөз менен сүрөттөйт.

3. Көркөмдүгү – «Манас» эпосы көлөмүнө жараша көркөмдүгү, поэтикасы аркылуу дүйнөгө таанымал болуп, бүгүнкү күнгө чейин дүйнө кыдырып жүрөт.

Биздин ата-бабаларыбыз кылымдар бою тарыхын, маданиятын, салт-санаасын камтыган эне тилибизди асырап, өз урпактарына мына ушундай жеткирип берди. Эне тилибиз эне сүтүбүз аркылуу бойго сиңирилип, көөдөн түпкүрүндө ыйык сакталууга тийиш. Анткени мында улуттун өткөнүн, бүгүнкүсүн жана келечегин синтездеген улуттун рухий потенциалы жатат.

Тилекке каршы, тилибиздин бүгүнкү абалы ойдогудай эмес, мунун объективдүү жана субъективдүү себептеринен улам тилибизге болгон мамилебизди өзгөртүү процессин башыбыздан өткөрүп отурабыз.

Мамлекеттик тил маселеси – бул лингвисттердин эле эмес, эгемендүүлүктүн көрсөткүчү, жалпы интеллигенциянын көйгөйү. Көрсө, бул процесс бат эле ойлогондой ишке аша турган агым эмес экен.

Дүйнөлүк практикалык маалыматтарга таянсак, мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча ошол элдин массалык тилге болгон урмат-сыйын, жоопкерчилигин тынымсыз, үзгүлтүксүз жүргүзгөн иш-аракетин байкайбыз. Буга мисал катары төмөнкүлөрдү айтсак болот: Малайзияда эркин мамлекет болуп жарыялангандан кийин “кайсыл тил мамлекеттик тил болуш керек?” деген маселе коюлган. Себеби, Малайзиянын жалпы калкынын 70 % кытай, 20 % индус улутунун өкүлдөрү түзүп, өлкөдө малайлар өздөрү болгону 17 % гана болушкан. «Мамлекеттин аты Малайзия деп тургандан кийин мамлекеттик тил – малай тили болуш керек» деген чечим кабыл алышып, малай тилин – мамлекетик тил деп жарыялашкан.

1957-жылы Малайзияда мектептер 4 тилде: англис, малай, кытай, тамил тилдеринде болсо, 1969-жылдан баштап, Малайзия эгемендүүлүктүн даражасы өтө маанилүү экендигин көрсөтүп, 15 жылда толук өтүп бүтүшкөн. Бүгүнкү күндө 80 % башка улуттардын өкүлдөрү болгон Малайзия бири-бири менен малай тилинде сүйлөшөт. 1972-жылы илимий изилдөөлөрдүн (тест жүргүзүүнүн) негизинде Батыш Малайзияда калктын 89,7 % мамлекеттик (малай) тилинде ойдогудай сүйлөп, жаза да биле тургандыгы аныкталган.

1855-жылы Россияда Москва мамлекеттик университети негизделген. Ал жерде окуу процесси орус тилинде эмес, француз, латын, немец тилдеринде жүргүзүлгөн. Күн өткөн сайын агылып окуу жайга элеттик балдар келе баштаган. Алар башка тилдерде сүйлөй албай проблема түзүлө баштагандыктан, Ломоносов орус тилинин илимий даражасын көтөрүү үчүн химия, физика, математика, филология терминдерин ойлоп таап, орус тайпаларын ачуу демилгесин көтөргөн. Андагы профессор, окумуштуулар «кантип орус тилинде сабак беребиз?», дешип таң калышкан. Ошентип, алгачкы тайпалар пайда боло баштаган.

Мына ошондон бери орус интеллигенциясы, орус эли эне тилине болгон мамилесин күчөтүп, өркүндөтүп, бүгүнкү күндө аны дүйнөлүк тилдердин бирине айландырбадыбы! [1, 3-б.].

Кыргызстандагы И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясы – ири окуу жайлардын бири. Окуу жайда окутуу процесси басымдуу орус тилинде жана 4 кыргыз тайпасына кыргыз тилинде жүргүзүлөт. Ар бир курстарда 2–3төн тайпалар кыргыз тилинде билим алышат. Бул тайпаларды окутуу толугу менен мамлекеттик тилге өткөн деп айтуудан алыспыз. Мунун ар түрдүү себептери бар:

- медициналык окуу куралдарынын жетишсиздиги, мамлекеттик тилде жазылган окуу китептеринин аздыгы;
- кээ бир предметтери боюнча мамлекеттик тилде котормосунун жоктугу;
- мамлекеттик тилде эркин сүйлөгөн медик-окутуучу адистердин аздыгы, дээрлик жетишсиздиги;

- предметине байланыштуу окуу куралдарынын толук которулуп бүтө электиги же басып чыгарууга каражаттын тартыштыгы;
- медициналык окуу куралдарын которууда кесипкөй адистердин аздыгы.

КММА мындай көйгөйлүү маселелерин мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн этаптарында улам азайтып, андан арылуунун үстүндө иштеп жатышат.

Мамлекеттик тил жана тарбия иштери боюнча проректор профессор К.Б. Ырысов КММАнын төмөнкүдөй 5 багыты боюнча милдеттерди үзгүлтүксүз аткарып жаткандыгын белгилөөгө болот:

- мамлекеттик тилди окутуу;
- иш кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзүү;
- илим чөйрөсүндө мамлекеттик тилди ишке киргизүү;
- мамлекеттик тилде окуу китептерин чыгаруу;
- маданий-массалык иш чараларды мамлекеттик тилде өткөрүү.

Адамзат өткөндөгү жетишкендиктерин баалоо, үйрөнүү аркылуу гана алдыга жылып, өнүгө ала тургандыгы байыркы замандан бери эле турмуш акыйкаты катары ырасталып келет. Ар бир жаңы муун ата-бабасынан мурас калган маалымат казынасын, табылгаларды «окуп чыгып», ой элегинен өткөрүп, турмуштун жаңы муктаждыктарына ыңгайлаштырып колдонууга умтулат. Бул маселе медицина тармагында мамлекеттик тилди өнүктүрүүдө, тагыраак айтканда, медициналык терминдер маселесинде өзгөчө мааниге ээ.

«Манас» дастаны көчмөн кыргыздар үчүн эпос гана эмес, дүйнө таануунун, руханий турмуштун мектебинин милдетин аткарып келген. «Манас» эпосу кыргыз элинин өткөнү менен гана эмес, азыркы турмушу менен туташ биримдиктеги дөөлөт. Ал бүгүнкү дарыгердин көп кылымдык сыноодон өткөн, нагыз турмуштук практикада бышып жетилген элдик медицина жөнүндө түшүнүктөр, инструменталдык каражаттар менен камсыз кылууга жарамдуу. Эпостогу ошондой дөөлөттөрдүн бири – элдик медициналык түшүнүктөр жана терминдер. Элдик медициналык терминдер – илимий-терминдерди толуктоо, кеңейтүү, байытуунун соолбос булагы. Көпчүлүк учурда алар медициналык терминдердин көп кырдуу купуя сырларын илимий жактан объективдүү чечмелөө үчүн ачкыч катары кызмат кылат. Эпостогу медициналык түшүнүктөр азыркы терминдер сымал бир сөздөн туруп, тике чечмелөө мүмкүнчүлүгүнөн алыс. Элдик медициналык түшүнүктөрдү, дарыгерчиликти атайы медакадемиянын окутуучулары да изилдөөгө алган.

“Манас”эпосунда хирургиялык ыкмалар тууралуу:

Шак-шак коюу – ал теректен жасалган, себеби терек бышык жана бат кургайт. Аны сөөк сынган учурда же жаракат алганда колдонгон. [2, 2-т., 701-б.].

Жараны тиле турган скальпель формасындагы курч бычак – “аштар же тинтүүр” жөнүндө маалымат кездешет. Тинтүүрдү денеде калган октун тереңдигин билип, аны козгоо үчүн колдонгон.

Тинтүүр –эки жагы тең миздүү келген шиштигий курч учу менен туюк жараларды тилүү жана башка үчүн колдонулуучу хирургиялык аспап (француз тилинен кирген “ланцет”) [2, 2-т., 499-б.].

Тинтүүр алтын, күмүш, темир зымдан жасалат деген маалымат бар. Эпосто коргошундан жасалганы эскертилет [3, 1249-б.]. Бул жөнөкөй аспаптардын «Манастагы» билдирүүлөрү археологиялык казуулардын негизинде Тувадан табылганы менен бышыкталган.

1979-жылга чейин археологиялык казуулардан табылган тинтүүрдүн функциясы так аныкталган эмес. Буга кыргыздын “Манас” эпосундагы материалдар так аныктоого жардам берген.

Бузулган канды сордуруп алуу үчүн колдонулган “картык” деген аспап да «Манастын» саптарынан кездешет. Картык кан алууга, канды сордуруп таштоого колдонулуучу мүйүздөн жасалган түтүкчө [4, 2-т., 720-б.]. А.С. Акматалиевдин “Кыргыздын кол өнөрчүлүгү” (1996) аттуу эмгегинен кыргыздардын сөөктөрдөн жасалган буюмдары тууралуу маалымат алсак, археологиялык эмгектерден К.Ш. Табалдиевдин жетекчилигинде жүргүзүлгөн археологиялык казууларында табылган буюмдары жөнүндөгү маалыматтары жардамга келет [5, 1-т., 440-б.].

«Манас» эпосунда хирургиялык кийлигишүү болгондугу тууралуу да айтылат. Согуш майданында Манас жарадар болуп, кансырап оор абалда калганда, Канбай бахадур атка мингизип алып, аны Кара кожо деген адамга каратат. Ал Манастын денесинен бир топ жаанын огун хирургиялык жол менен чыгарып дарылаган. Демек, элдик медицинада да дарылоонун хирургиялык ыкмалары колдонулганын байкоого болот.

Булардан тышкары, дагы аккан канды ысык кийиз менен басып токтотуу жана териге отургузуу тууралуу Ч. Валиханов жазып алган текстте мындайча баяндалат:

Капырдын каны Жолойдун
**Жаагынан каны жыйылбай,**
**Кызыл суу болуп акты эле,**
Жолом үйдөн кийизди
**Кыйып келип жапшырды,**
Аган эле болбоду
Жолум үйдөй кол алып
Тагы келип жапшырды,
Ошондо гана тыйылып калды дейт.
Токсон **өгүз терисин**
Каптап эле кийди дейт [5, 99-б.].

«Манас» эпосунда, мындан сырткары, “мээр чөп, чардары, ийсен, жуушаӊ” деген да чөптөрдөн дары жасалганы, кажырдын өтү менен бирге мумия жөнүндө да айтылат. Кажыр – эӊ бийикте учуп, алыстан көргөн улуу куш. Мумия – каски деген жандыктын катыган заӊы. Каски – бул түштүктүн Баткен аймагындагы кырка тоолорунда кездешкен чычкандын бир түрү.

«Манас» эпосунда *апийим* тууралуу да кабар бар. Мисалы, уу берилген Манаска уунун күчүн тарата турган дары беришет. Ал дарыны (Сейид Жалал ад-Дин аттуу адам) Манастын оозуна күнүнө бир тамчыдан куюп отуруп, 10 күн дарылайт [6, 65-б.].

Мындагы 10 күндүк дарылоо азыркы медицинадагы дарылоонун бир курсуна туура келет.

Эпос медицина тармагындагы которуу иштеринде, илимий термин маселесин чечүүдө негиз болуп, кыргыз тилинин эски терминдерин сууруп чыгып, тарыхый ачылыштардын булагы катары кызмат кылат. Арийне, медициналык терминдерди которуу өзүнчө көп убакытты талап кылган көйгөйлүү маселе, анткени медициналык терминдерди котoрууда талаш-тартыштар арбын. Ушунун негизинде Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлигинде ар багыттагы адистерден турган атайын жумушчу топ түзүлүп, медакадемиядан 6 кызматкер мүчө катары кошулду.

КММАда мамлекеттик тилди өнүктүрүү үчүн Мамлекеттик тил боюнча атайын комиссия түзүлүп, анын курамына мамлекеттик тилде мыкты иш алып барган кафедра кызматкерлери киргизилген. Медициналык терминдерди которуу сөзсүз адистер менен лингвисттердин биргелешкен иш-аракети менен жүзөгө ашырылат. Мамлекеттик тилдеги ар бир иш кагаздары, окуу куралдары алгач медик адистердин, андан кийин лингвисттердин текшерүүсүнөн өтүшү зарыл. Ушуга байланыштуу Лингвисттер курамы да түзүлүп, биргеликте иш алып барууда.

***Адабияттар***


1. Тил жана маданият. 2014. № 13 (039). 9-апрель.
2. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү: 2-бөлүк. Бишкек, 2016.
3. “Манас” Сагымбай энциклопедиясы. Бишкек, 2015.
4. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү: 1-бөлүк. Бишкек, 2016.
5. «Манас» энциклопедиясы // Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору. Бишкек: Кыргыз энциклопедиясынын башкы редакциясы, 1995.
6. Мажму ат-таварих. Кол жазмалар фонду. 5114-инв. 65-б.